# 2023-жылдын 6 айына карата курулуш тармагы боюнча аткарылып жаткан иштер:

- **Ж.Кыдыров атындагы эс алуу паркын реконструкциялоо:**

- **Эл отуруп көрүүчү орундуктарды курууга жалпы сметасы 8952,0 миң сом болсо, 6 айга аткарылганы 3395,2 миң сомдук жумуш аткарылды;**
- **Эс алуу паркын реконструкциялоонун жалпы сметалык баасы 27000,0 миң сом болсо, 6 айга карата 3200,0 миң сомдук жумуш аткарылды;**







## Жергиликтүү бюджеттен 1749,8 миң сом акча каражаты каржыланып, Казарман айылына 4 даана, Чет-Булак айылына 1 даана балдар ойноочу аянтчасы курулду.







**Чет-Булак айылына Көл-Кайың участкасынан сугат суу тартып келүү үчүн жалпы 789,7 сомго полиэтилен трубасы алынып, БУУ ДАТП долбоору аркылуу 35 жумушсуз жарандар жумушка тартылып алынган полиэтилен трубалары жаткырылды.**










## Жергиликтүү бюджеттин эсебинен 903,8 миң сом каржыланып, Казарман (740 метр), Чет-Булак (740 метр) айылдарынын ички жолдоруна шагыл төгүлүп, тегиздөө иштери бүткөрүлдү.







## Жергиликтүү бюджеттин эсебинен 470,0 миң сом каржыланып, Каргалык айыл аймагынын Жылуу-Өтөк, Кичи-Макмал жайлоолоруна 2 даана мал дарылоочу жай (раскол) курулду.






**Казарман айылына жалпы сметалык баасы 1 559,4 миң сомдук хоккей ойноочу аянтчасынын проекттик сметалык документациялары даярдалып, тендерге берилип, хоккей аянтчасынын курулуш иштери башталуунун алдында турат.**



# Чет-Булак айылындагы кичи футбол аянтчасынын курулуш иштерин улантуу боюнча 2023-жылга 983,4 миң сом каралып, «Черик Курулуш» ЖЧКсы тарабынан газон төшөө иштери бүткөрүлдү.







**Республикалык бюджеттен 26099,0 миң сом каралып, Казарман айылындагы Эски скважинаны реабилитациялоо иштерин жүргүзүү менен 2 км аралыктагы борбордук резервуарга суу тартуу иштери «Изоэл» ЖЧКсы тарабынан жүргүзүлүп жатат. Жалпы проектинин 50%дык жумуштары аткарылды.**

- 1 даана КТП коюлду;
- Материалдары толук алынып келинди;
- Скважинанын айлынасын тосуу иштери жүрүүдө;
- Борбордук резервуарга кетүүчү траншея казылууда;
- 3 даана насос коюлду;










# Жалпы сметалык баасы 84000,0 миң сом каралып, Т.Мойдунов атындагы Макмал орто мектебин АРИСтин Жылуулукту камсыздоону жакшыртуу долбоору аркылуу капиталдык ремонттон өткөрүү иштери жүргүзүлүүдө.







**Жалпы сметалык баасы 76000,5 миң сомдук Чет-Булак айылындагы 225 орундуу М.Абдыжапаров атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин жаңы имаратынын курулуш иштери 70-75% га бүткөрүлдү.**





# Жергиликтүү бюджеттин эсебинен 149,3 миң сом каржыланып, көчөлөргө жол белгилери жаңыртылып коюлууда.





